**«Апама»**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Сапар уулу Өктөм

Апакебай майрамыңыз кут болсун,
Ошол күнү үйүңүзгө кут консун.
Балдарыңыз чогуу болуп сиз менен,
Дасторконго дүйүм тамак бүт толсун.

Көп тарттыңар жаш кезекте мээнетти,
Көргүлө эми карыганда дөөлөттү.
Көрбөгүлө жамандыгын балдардын,
Капа кылып көңүлдөрдү чөгөрртчү.

Жаныңызда тирек болуп атабыз,
Оорубаңыз дагы көпкө жашаңыз.
Урмат сыйын чөбөрөнун көргүлө,
Баарыбызга тийсин сиздин батаңыз.

Тынчтык болсун элибизде ар дайым,
Эл ичинде сиздер аман болгула.
Уулуңардын арзыбаган каалосун,
Аз да болсо кабыл алып койгула.